**ОшМУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин немис тили кафедрасынын 2022-жылдын 21-декабрдагы №4 кезектеги отурумунан**

**көчүрмө**

Кафедранын жалпы саны: 22

Катышканы: 19

**Угулду:**

Ар түрдүү маселелер: А.К.Кайкыбашеваны немис тили кафедрасына, кафедра башчысы милдетине шайлоо

**Сөз сүйлөдү:**

1. ДТжМФнин деканы ф.и.к., доцент Р.Ж.Сагындыкова: ф.и.к., доц А.К.Кайкыбашева Ош МУнун ДТжМФнин немис тили кафедрасына кафедра башчысы болуу боюнча арыз менен кайрылган. Айзада Келдибаевна 28 жылдан бери немис тили кафедрасында эмгектенип келе жатат, өзүнүн педагогикалык бай тажрыйбасында университеттин жана эл аралык деңгээлдеги семинар, конференцияларына байма-бай катышып турат. Кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу максатында бир канча жолу Германияда болуп келген, көптөгөн илимий макалалары белгилүү журналдарда жарык көргөн. Кафедрада жаш окутуучулардын устаты. Коллектив жана студенттердин арасында өзүнүн жоопкерчиликтүүлүгү, коммуникабелдүүлүгү, креативдүүлүгү менен чоң кадыр-баркка ээ. Айзада Келдибаевнанын арызын колдоо менен ОшМУнун ДТжМФнин немис тили кафедрасына, кафедра башчысы милдетине сунуштаймын.

2. Кафедранын улук окутуучусу Д.И.Пахирова: Айзада Келдибаевна менен немис тили кафедрасында 25 жылдан бери чогуу эмгектенүүдөбүз. Эжекенин педагогикалык тажрыйбасы бай, коллективге өзгөчө жаш окутуучуларга ОМК, сабак өтүүнүн жаңы ыкмалары менен бөлүшүп, мыкты устат катары орду чоң. Айзада Келдибаевнанын арызын колдойм.

**Токтом:**

Ачык добуш берүүнүн негизинде (“макул”-19, “каршы” – жок, “калыс”-жок) А.К.Кайкыбашеванын арызы ОшМУнун аспирантура бөлүмүнө сунушталсын.

Каф. башчысы доц.: Кайкыбашева А.К.

Катчы: Шамурзаева Н.А.